БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ

АГЕНТСТВО ПО АККРЕДИТАЦИИ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ И ОРГАНИЗАЦИЙ

AGENCY FOR ACCREDITATION OF EDUCATIONAL PROGRAMS AND ORGANIZATIONS

# А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекетттик педагогикалык университети мекемесинин жогорку кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун жыйынтыктары боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу

**Төрайым:** колу — Маткеримова Анаркан Маткасымовна
К.Ш.Токтомаматов атындагы ЭАУ, Аккредитация жана билим берүүнүн сапаты департаментинин директору, э.и.д., доцент.

**Комиссия мүчөлөрү-билим берүү программалары боюнча эксперттер**

| № | Программанын аталышы | Шифр | Эксперттердин аты-жөнү | Колу | Иштеген жери, кызматы, ил. даражасы, ил. наамы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Көркөм билим берүү (адистиги: музыка) (бакалавр) | 550600 | Джумабаев Бакай Саматович | | ОшМУ, Педагогика, искусство, жана журналистика институтунун музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасынын окутуучусу. |
| 2 | Социалдык-экономикалык билим берүү (адистиги: тарых) (бакалавр) | 550400 | Марасулова Нуриля Абдуваповна | | М.М.Адышев атындагы ОшТУ, "Социалдык технологиялар жана коомдук илимдер" кафедрасынын башчысы, т.и.к. доцент. |
| 3 | Социалдык иш (бакалавр) | 540200 | Марасулова Нуриля Абдуваповна | | М.М.Адышев атындагы ОшТУ, "Социалдык технологиялар жана коомдук илимдер" кафедрасынын башчысы, т.и.к. доцент. |
| 4 | Дене тарбия жана спорт (бакалавр) | 532000 | Райимбердиев Ырысмамат Абдуманапович | | ОшМУ, Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту, Дене тарбиянын физиологиясы, теориясы жана методикасы кафедрасынын доценти. |

**Референт:** колу — Чолпонбаева Назгул Шалтаковна
ББПУАА, орто кесиптик билим берүү боюнча менеджер.

**29.12.2025 ж. - 30.12.2025 ж.**

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ (ББПУАА)

**А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети мекемесинин**

**1. 550600 Көркөм билим берүү (адистиги: музыка) (бакалавр)**

**2. 550400 Социалдык-экономикалык билим берүү (адистиги: тарых) (бакалавр)**

**3. 540200 Социалдык иш (бакалавр)**

**4. 532000 Дене тарбия жана спорт (бакалавр)**

**жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо боюнча алдын ала жыйынтыктары:**

## 1 – Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын талдоонун жыйынтыгында, программалар толук иштелип чыкпаганы, максаттары так аныкталбаганы, ошондой эле эмгек рыногунун өкүлдөрүнүн сунуштары жетиштүү деңгээлде эске алынбаганы аныкталды.
2. Окуу планындагы атайын кесиптик дисциплиналарда өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн иш берүүчүлөрдүн сунуштамалары каралган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин:
   - Негизги кесиптик билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана аккредитациялык талаптарга ылайык кайра иштеп чыгуу.
   - Программалардын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын так аныктоо.
   - Эмгек рыногунун өкүлдөрүн (иш берүүчүлөрдү) программаларды иштеп чыгуу жана жаңылоо процессине активдүү тартуу.
   - Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын документтештирүү жана аларды окуу программаларына интеграциялоо.
   - Программалардын мазмунун эмгек рыногунун учурдагы талаптарына шайкеш келтирүү сунушталат.
2. Окуу планына кирген атайын кесиптик дисциплиналарды кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн иш берүүчүлөр менен системалуу түрдө иш алып баруу сунушталат.

**1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу.**

**2 - Стандарт аткарылып жатат**

**3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо**

**Күчтүү жактары:**

1. "Социалдык иш" программасы боюнча СНГ мамлекеттеринин арасында студенттердин билими, илимий денгээли жана активдүүлүгү боюнча өткөрүлгөн конкурска катышып биринчи орунду багындыргандыгы.
2. Жапон Республикасы жана ОшМПУ тарабынан түзүлгөн келишимдин негизинде Ош-Жапон борбору ачылган. Борбор "Социалдык иш" программасынын студенттери Японияда практикасын өтүүгө жана иш менен камсыз кылуу максатында иш алып барат.
3. "Дене тарбия жана спорт" программасынын студенттери Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлар арасында спорттук волейбол түрү боюнча чемпион болушу.

**Алсыз жактары:**

1. Окуу планынын вариативдик бөлүгүндө студенттердин тандоо курсу системага салынган эмес.
2. "Дене тарбия жана спорт" программасы боюнча студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк толук кандуу уюштурулган эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин окуу планынын вариативдик бөлүгүн өркүндөтүү максатында студенттердин билим берүү траекториясын индивидуалдаштырууга багытталган, системалаштырылган тандоо курстарын иштеп чыгып, аларды тиешелүү нормативдик талаптарга ылайык окуу планына киргизүү сунушталат.
2. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин "Дене тарбия жана спорт" программасы боюнча студенттер арасында академиялык мобилдүүлүк пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
3. Студенттердин спорттогу жетишкендиктерин эске алып, аларды андан ары шыктандыруу максатында университетте профессионалдык клубдардын ачылышы сунушталат.

**3 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:**

1. "Көркөм билим берүү" (адистиги: музыка) программасы боюнча КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, КРнын эмгек сиңирген артисти, маданияттын мыктылары жана билим берүүнүн мыктыларынан түзүлгөн сапаттуу окутуучулук курамдан турат.
2. "Көркөм билим берүү" (адистиги: музыка) программасы боюнча профессордук-окутуучулук курамдын (ПО) Казань Федералдык Университети сыяктуу чет өлкөлүк ЖОЖдордо стажировкадан өтүүсүнүн үзгүлтүксүз жүргүзүлүшү.

**Алсыз жактары:**

1. "Социалдык-экономикалык билим берүү" (адистиги: тарых) программасы боюнча профессордук-окутуучулук курамдын эл аралык деңгээлдеги стажировкалардан өткөрүү жана тажрыйба алмашуунун аздыгы.
2. "Дене тарбия жана спорт" программасы боюнча кадрлардын сапаттык көрсөткүчтөрүнүн төмөндүгү.
3. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча профессордук-окутуучулук курамы тарабынан окуу куралдары, окуу-усулдук колдонмолору жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыккан эмес.

**Сунуштамалар:**

1. 2026-жылдын 1-сентябрына чейин "Социалдык-экономикалык билим берүү" (адистиги: тарых) программасы боюнча эл аралык деңгээлдеги стажировкалардан өткөрүү жана тажрыйба алмашуу үчүн келишимдерин түзүп, академиялык мобилдүүлүк программаларын ишке ашырууну активдештирүүнү сунуштайт. Эл аралык деңгээлдеги стажировкалардан өткөрүү үчүн окутуучуларга англис, немис ж.б. тилдер боюнча курстар уюштуруу сунушталат.
2. "Дене тарбия жана спорт" программасы боюнча кадрлардын сапаттык көрсөткүчтөрүн оптималдаштыруу сунушталат.
3. 2027-жылдын 1-январына чейин аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча профессордук-окутуучулук курамы тарабынан окуу куралдары, окуу-усулдук колдонмолору жеткиликтүү деңгээлде иштеп чыгуу пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
4. "Көркөм билим берүү" (адистиги: музыка) программасы боюнча музыкалык китептерди иштеп чыгуу, мектеп жана мектепке чейинки программаларына ылайык чыгармаларды жаратуу сунушталат.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар

**Күчтүү жактары:**

1. Окуу жайдын заманбап талаптарга жооп берген жана окуу процессин эффективдүү ишке ашырууга шарт түзгөн жетиштүү материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалышы.
2. "Көркөм билим берүү" (адистиги: музыка) программасы боюнча студенттерге электрондук жабдуулар жана панелдер аркылуу Cubase, MuseScore жана Sibelius сыяктуу алдыңкы программаларды толук кандуу колдонууга мүмкүндүк берген күчтүү материалдык-техникалык базасы менен камсыздалган.
3. Чыгармачылык программа үчүн "Мурас" телеканалы ишке киргизилген.
4. Студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу максатында, заманбап үн жаздыруу студиясынын түзүлүшү.

**5- Стандарт аткарылып жатат.**

## 6 - Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн)

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча окутуучулардын жана студенттердин абройлуу басылмаларда жарыялануу активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иштер жетишсиз жүргүзүлүүдө. SCOPUS жана Web of Science журналдарына илимий макалалардын санынын аздыгы.
2. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча окутуучулардын жана студенттердин илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн жана илимий долбоорлорду ишке ашыруунун жетишсиз деңгээлде болушу.

**Сунуштамалар:**

1. Аккредитациядан өтүп жаткан программалар боюнча окутуучу-профессордук курамдын жана студенттердин абройлуу басылмаларда жарыялануу активдүүлүгүн 2027-жылдын 1-сентябрына чейин жогорулатуу боюнча пландаштырылсын жана ишке киргизилсин.
2. 2027-жылдын 1-сентябрына чейин илимий-изилдөө иштерин жана илимий долбоорлорду активдештирүү боюнча комплекстүү иш-чаралар планын иштеп чыгуу:
   - Окутуучуларды жана студенттерди илимий долбоорлорго активдүү тартуу;
   - Илимий жетекчилик жана долбоорлорду башкаруу механизмдерин күчөтүү;
   - Ички жана тышкы каржылоо булактарын тартуу боюнча ишти активдештирүү сунушталат.

**6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШЫН БААЛОО

1- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
2- Стандарт аткарылып жатат
3- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат
5- Стандарт аткарылып жатат
6- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат

**Аккредитациялык чечимдин долбоору:**

**А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети мекемесинин**

1. **550600 Көркөм билим берүү (адистиги: музыка) (бакалавр)**
2. **550400 Социалдык-экономикалык билим берүү (адистиги: тарых) (бакалавр)**
3. **540200 Социалдык иш (бакалавр)**
4. **532000 Дене тарбия жана спорт (бакалавр)**

**жогорку кесиптик билим берүү программаларын 5 жылга аккредитациялоону сунуштайт**

**30.12.2025 ж.**